## Жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар мекемелеринин тарбиялануучулары жана бүтүрүүчүлөрү үчүн

# КОЛДОНМО

Бишкек - 2020

Жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн колдонмо. «Оэйсис» ККФ: 2020 - ж. 80 бет

Ушул басылма «Оэйсис» Коомдук Кайрымдуулук Фонду тарабынан даярдалган жана Германиянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин каржылык колдоосу менен ишке ашырылып, биринчи жолу жарыяланып жатат.

Колдонмо балдар интернат мекемесинин, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн, саламаттыкты сактоо уюмунун, калкты иш менен камсыз кылуу органынын, билим берүү органынын, укук коргоо органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын кызматкерлери үчүн сунушталат.

«Оэйсис» Коомдук Кайрымдуулук Фонду ушул Колдонмону иштеп чыгууда жардам жана көмөк көрсөткөндөрдүн баарына, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине), Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө чын жүрөктөн ыраазычылык билдирет.

Иштин авторлору: Мээрим Осмоналиева, Жаныл Джумабаева, Айдай Кошматова, Салтанат Мамбетова.

Редактор: Казелецкая Е.Ю.

Компьютердик калыпка салган: Элдос Орозобеков, Данил Лобов.

**Кымбатуу дос!**



Ушул Колдонмо сага чоңдордун жашоосуна аралашканыңдагы биринчи этаптарда жардам берет. Бул жерден сен өзүңдүн суроолоруңа, өз алдынча жашоодо сага кадам таштоого жардам бере турган, эң гана керектүү жана практикалык кеңештерди таба аласың.

Сенин жашоодогу ийгиликтерге жетишүүң бир гана өзүңдүн колуңда экендигин түшүнүү сен үчүн абдан маанилүү, ошондуктан өз укуктарыңды колдонуп, мүмкүнчүлүктөрүңдү колдон чыгарба. Кээде мыйзамдар татаалдай сезилет, бирок алар гана сени коргой алат. Эгерде сен өз укуктарыңды жана милдеттериңди билсең чоң мамлекеттик орган, чиновник, милиционер, врач дагы өз убагында сага жардам бере алышат.

Силердин көпчүлүгүңөр колледжге, университетке тапшырасыңар, врачка кайрыласыңар, жумушка орношосуңар, ошондо ушул Колдонмо сага жардам берет.

Эсиңде болсун, жашоодо эң негизгиси - боорукер жана билимдүү Адам болуу! Ошондой эле жашооң үчүн өзүң жооптуу экениңди түшүнүү маанилүү. Кыйынчылыктарга карабастан ар бир адамдын дайыма тандоосу бар - жакшы жол менен жүрүү жана өзүнө жана айланасындагы адамдарга пайда келтирүү. Кесипти туура тандоо, эмгектене билүү, айланадагыларга жардам берүү да өтө маанилүү. Ошону менен бирге суроо-талаптарга жооп берген көндүмдөрү, жакшы билими бар билимдүү адам өз өлкөсүнө жана үй-бүлөсүнө пайда алып келе тургандыгын түшүнүү маанилүү.

***Урматтоо менен, «Оэйсис» ККФ директору***
***Мээрим Осмоналиева***

## МАЗМУНУ

**1-глава. ЖАТАК МЕКЕМЕДЕН ЧЫГУУ ............................... 7**
1.1 Бүтүрүүчү алуучу документтердин тизмеси .......................... 8
1.2 Жатак мекемеден чыгууда керектүү буюмдардын тизмеси ..................................................... 9
1.3. Жатак мекемеден чыккандан кийинки биринчи кадамдар ........................................................ 9
**2-глава. БҮТҮРҮҮЧҮНҮН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ** ........................................................ 11
2.1. Аскердик милдет ........................................................... 12
2.2. Аскердик каттоого алынуучу жарандардын милдеттери.................................................... 14
2.3. Укуктук жоопкерчилик ................................................... 15
**3-глава. БИЛИМ АЛУУ ...................................................... 23**
3.1. Жарандарга билим берүү жаатындагы социалдык кепилдиктерди камсыз кылуунун негиздери ............................ 24
3.2. Окуу жайга тапшырууга керектүү документтер (кесиптик лицейлер, колледжер жана ЖОЖ) ........................... 26
3.3. Окутуунун формалары ....................................................... 27
**4-глава. ДЕН СООЛУК. МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЙЛӨӨ....... 29**
4.1. Жарандардын саламаттыгын сактоо жаатындагы социалдык кепилдиктерди камсыз кылуунун негиздери .......... 30
4.2 Оорукана, поликлиникага барууда керектүү документтер ..................................................... 30
4.4. Врачтын кеңештери ............................................................ 30
4.5. Врачка жазылуу үчүн билүүгө керектүү болгон терминологиялар............................................................................ 31
4.6. Үй аптечкасы үчүн медикаменттердин тизмеси ................ 32

**5-глава. ЖУМУШ** .................................................................. 35
5.1. Жарандарды жумушка орноштуруу жаатындагы социалдык кепилдиктерди камсыз кылуунун негиздери .......... 36
5.2. Жумушка орношуу үчүн документтер ................................... 38
5.3. Иш берүүчү менен кызматкердин ортосундагы эмгек келишими ........................................................................ 40
5.4. Иш менен камсыз кылуучу мамлекеттик кызматт.............. 44
5.5. Өздүк бюджетти пландаштыруу ........................................ 46
**6-глава. ТУРАК ЖАЙ** ............................................................ 51
6.1. Жарандардын турак жай укуктары жаатындагы социалдык кепилдиктерди камсыз кылуунун негиздери .......... 52
6.2. Турак жай укугу ................................................................ 53
**7-глава. ҮЙ БҮЛӨ** .................................................................. 57
7.1. Жарандардын үй-бүлөлүк укук жаатындагы укуктарын камсыз кылуунун негиздери .................................. 58
7.2. Үй бүлөлүк укук .................................................................. 59
7.3. Жарандардын баланын төрөлүшүнө жана тарбияланышына байланыштуу мамлекеттик жөлөкпул алууга укугу ................. 61
**8-глава. КУЛИНАРДЫК АЗБУКА** ........................................ 63
8.1. Керектөө корзинасы ........................................................ 64
8.2. Рецепттер ........................................................................... 64
**9-глава. АББРЕВИАТУРАЛАРДЫН СӨЗДҮГҮ** .................... 69
**10-глава. ТИРКЕМЕ** ................................................................ 73
10.1. Мыйзамдар бөлүгү ........................................................... 74
10.2. Кыргыз Республикасынын укуктук актыларынын башка ченемдери ................................................ 76
**11-глава. ТЕЛЕФОНДУК КИТЕПЧЕ** ...................................... 79

*Ар бир адам жеке турмушунун кол тийбестигине,*
*ар-намысынын корголушуна укуктуу.*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясы,*
*29-бер, 1-бөлүк*



# БАЛДАР ҮЙҮНӨН ЖАНА ЖАТАК-МЕКТЕПТЕРДЕН ЧЫГУУ

1 ГЛАВА



## 1.1. БАЛДАР ҮЙҮНӨН ЖАНА ЖАТАК МЕКТЕПТЕРДЕН ЧЫГЫП ЖАТКАНДА БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР ТАРАБЫНАН АЛЫНУУЧУ ДОКУМЕНТТЕРДИН ТИЗМЕСИ

Балдар үйүнүн жана жетим балдар жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдар үчүн жатак мектептерден чыгып жаткан ар бир бүтүрүүчү чыгып жатканда төмөнкү документтерди алуусу керек:

- ✓ туулгандыгы тууралуу күбөлүк, ал эми 16 жашка чыкканда паспорт;
- ✓ балдар үйүндө жана жатак мектепте болгондугу жөнүндө маалымкат;
- ✓ ден-соолугу жөнүндө маалымкат жана № 63 эмдөө формасы;
- ✓ билими жөнүндө документтер (мектеп окуучулары үчүн);
- ✓ ата-энелери же жакын туугандары жөнүндө маалыматтар;
- ✓ баланын мүлккө, акчага, турак жайга болгон укуктарын тастыктаган документтер, пенсиялык китепчк, алимент өндүрүү үчүн аткаруу баракчасы жана башка документтер;
- ✓ тарбиялануучунун акчалай жана социалдык төлөмдөрдү алгандыгын тастыктаган документтер.

**Бул документтер түп нускада же мекеменин жетекчиси тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрдө болушу керек.**

**МААНИЛҮҮ!**

Эгерде Сиз документтердин толук тизмесин алсаңыз, анда Сиздин балдар үйү жана жатак мектеп жайгашкан жери боюнча райондук эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгына жардам сурап кайрылууга укугуңуз бар. Бул башкармалык Сизге билим, медициналык жардам, убактылуу/социалдык турак жай алууга жана ишке орношууга көмөк көрсөтөт.



## 1.2. БАЛДАР ҮЙҮН ЖАНА ЖАТАК МЕКТЕПТЕРДИ БҮТҮРҮП ЧЫГЫП ЖАТКАНДА АЛУУЧУ КЕРЕКТҮҮ БУЮМДАРДЫН ТИЗМЕСИ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 21-декабрындагы № 556 токтому бекитилген Жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн мамлекеттик интернаттык жалпы билим берүү мекемелери жөнүндө типтүү жобого ылайык балдар үйүн/жатак мектептерин бүтүрүп чыгып жаткан ар бир бүтүрүүчү төмөнкү буюмдарды алуусу керек:

- ✓ кийимдердин комплектин;
- ✓ бут кийимди;
- ✓ бир жолку акчалай жөлөк пулду.

## 1.3. БҮТҮП ЧЫККАНДАН КИЙИНКИ БИРИНЧИ КАДАМДАР

- Жашоодогу башкы максатыңды аныкта (ким болгуң келет, эмнеге жетүүнү каалайсың, коомго кандай эмгегиң менен салым кошкуң келет).
- Сенден көз каранды жана көз каранды эмес мүмкүн болгон тоскоолдуктарды аныкта.
- «Кошумча варианттарды» аныкта, башкача айтканда негизги планды ишке ашырууда ийгиликсиз учурлар жаралса жасай турган жүрүм-турумдардын варианттарын.
- Кырдаалга жараша өзүңдүн инсандык мүмкүнчүлүктөрүңө жана артыкчылыктарыңа баа бер.
- Жакынкы жана алыскы конкреттүү максаттардын тизмесин аныкта (кайсы жерде жашайсың, иштейсиң, окуйсуң).
- Башкы максатыңа жетүү үчүн жашоонддо чече турган милдеттериңди аныкта.

**МААНИЛҮҮ!**



«Жетим бала» же «ата-энесинин камкордугусуз калган бала» статусу 18 жашка чейин сакталат. Ошол эле статус 18 жаштан 23 жашка чейин ЖОЖдо окуса сакталат. 18 жаштан тартып сен аракетке жөндөмдүүл статусуна ээ болосуң, ошондон тартып бардык жүрүм-турумуна өзүң жооп бересиң.

Для заметок



# БҮТҮРҮҮЧҮНҮН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**2**
**ГЛАВА**

*«Мекенди коргоо - Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыйык парзы жана милдети»*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 56-бер, 1-бөлүк*



## 2.1. АСКЕРДИК МИЛДЕТ

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-главасынын 56-беренеси;
- 2009-жылдын 9-февралындагы №43 «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабрындагы № 770 «Кыргыз Республикасынын жарандарын чакырууга даярдоо жана өткөрүү боюнча Жобону бекитүү жөнүндө» токтому.

**Кыргыз Республикасындагы мөөнөтүү аскер кызматы**

- Жарандарды аскердик каттоого баштапкы коюу учурдагы жылдын декабрь айында жаңыра турган жылдын январь-март айларында алар 16 жашка толгондо жашаган жери боюнча жарандарды аскердик каттоого алгачкы коюу райондук (шаардык) аскер комиссариаттары аркылуу жүргүзүлөт;
- Кыргыз Республикасында мөөнөттүү аскер кызматына 18 жаштан 25 жашка чейинки жарандар чакырылат.
- Мөөнөттүү аскердик кызматтын аскер кызматчылары үчүн аскердик кызматтын мөөнөтү жыйын пункттарынан кызмат өтөө жерине жиберилген учурдан баштап эсептелет.

**Кыргыз Республикасында контракт боюнча аскердик кызматты өтөө**

- башка мамлекеттин жарандыгы жок, Кыргыз Республикасынын жараны болуу;
- курсанттарды кошпогондо, он сегиз жаштан кем эмес жана аскердик наамына жараша аскер кызматын өтөө курагынан жогору болбоо;
- медициналык, кесиптик жана психологиялык талаптарга жана аскердик каттоо адистиктерине ылайык келүү.

**Аскер комиссариаттарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана юридикалык жактарда төмөнкүлөр аскердик каттоого алынууга тийиш:**

а) аскердик каттоого туруууга милдеттүү жана запаста турбаган он алты жаштан он сегиз жашка чейинки (мындан ары - чакырганга чейинкилер) жана он сегиз жаштан жыйырма беш жашка чейинки (мындан ары - чакырылуучулар) эркек жарандар;

б) запаста турган жарандар (мындан ары - аскерге милдеттүүлөр):

- запаста турган эркектер;
- аскердик кызматтан Куралдуу Күчтөрдүн запасына бошотулгандар;
- диний негизи курал пайдаланууга жана Куралдуу Күчтөрдө кызмат кылууга жол бербеген, каттоого алынган диний уюмдун мүчөсү болуп саналган жарандардан тышкары, альтернативдик кызматтан Куралдуу Күчтөрдүн запасына бошотулгандар;
- жогорку окуу жайын бүтүрүп, запастагы офицерлер программасы боюнча аскердик даярдоонун толук курсун өтүп жана офицер наамын алгандар;
- мобилизациялык резервдин жыйындарынан өткөндөр;
- аскердик кызматка чакыруудан бошотулганына байланыштуу аскердик кызматты өтөбөгөндөр;
- медициналык окуу жайларда медициналык адистиктин багыты боюнча даярдык алган аялдар;

в) аскердик же альтернативдик кызматты өтөбөгөн жана райондук (шаардык) чакыруу комиссияларынын чечимдери менен чакыруу кийинки мөөнөткө калтырылбаган жана андан бошотулбаган жыйырма беш жаштагы жана андан жогору куракктагы эркек жарандар.

**Төмөнкү жарандар аскердик каттоого алынбайт:**

- аскер кызматын өтөп жаткандар;
- ички иштер органдарынын кызматкерлери;
- улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлери;
- Мыйзамга ылайык аскердик милдетти аткаруудан бошотулгандар;
- башка мамлекеттин жарандары жана жарандыгы жок адамдар.

## 2.2. АСКЕРДИК КАТТООГО АЛЫНУУЧУ ЖАРАНДАР

**Аскердик каттоого алынуучу жарандар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

а) жашаган жери боюнча аскер комиссариатында, ал эми аскер комиссариаты жок калктуу пунктунда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында аскердик каттоодо турууга;

б) жашаган жери же убактылуу жашаган жери боюнча аскердик каттоону жүргүзгөн аскер комиссариатына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына белгиленген убакта жана чакырылган (чакыруу кагазы) жерге келүүгө. Өзү менен кошо каттоо-аскердик документтерин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун жана бар болсо айдоочунун күбөлүгүн алууга;

в) Куралдуу Күчтөрдөгү аскердик кызматтан запаска бошотулганда, өз убагында жашаган жери боюнча аскер комиссариатына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына аскердик каттоого туруу үчүн келүүгө;

г) үй-бүлөлүк абалынын, билиминин, ден соолугунун абалынын (майып болгонун), иштеген жерин же кызматын, жашаган жеринин өзгөргөндүгү жөнүндө маалыматтарды жашаган жери боюнча 7 күндүк мөөнөттө аскер комиссариатына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына маалымдоого;

д) жаңы жашаган жерге же убактылуу бар турган жерге кетип жатканда аскердик каттоодон чыгууга. Жаңы жашай турган

жерине келгенде же убактылуу жашай турган жерине келгенде 7 күндүн ичинде аскердик каттоого туруууга;

е) аскердик билетти, убактылуу күбөлүгүн (аскердик билеттин ордуна), аскердик каттоого тургузуу жөнүндөгү күбөлүгүн, альтернативдик кызматтагы кызматчысынын күбөлүгүн, этияттык менен сактоого. Жогорудагы документтерди жоготкон учурда жоголгондордун ордуна документтерди алуу жөнүндө маселени чечүү үчүн бир жумалык убакыттын ичинде аскердик комиссариатка же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына кайрылууга.

**Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрү патриоттуулуктун, кайраттуулуктун жана туруктуулуктун мектеби болгон жана болуп кала берет, ошондуктан армияда кызмат өтөө эркек кишинин милдети гана эмес, аскер иштерине байланышкан көптөгөн кесиптерге эшикти ачкан чоң жоопкерчилик.**

**МААНИЛҮҮ!**

Толук маалыматты Сиз Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабрындагы № 770 «Кыргыз Республикасынын жарандарын чакырууга даярдоо жана өткөрүү боюнча Жобону бекитүү жөнүндө» токтомунан таба аласыз.



## 2.3. УКУКТУК ЖООПКЕРЧИЛИК

*«Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей.».*
*Кыргыз Республикаасынын Конституциянын 16-беренесинин 3-бөлүгү*

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси.

**1. Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык** бузуу жасаган учурда **он алты жашка толгон жеке жактар бузуу жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылууга жатат.**

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде көрсөтүлгөн жазалар.

**53-берене.** Тамеки заттарын тыюу салынган жерлерде чегүү, коомдук жерлерде жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган ченемдерин бузуу (түкүрүү, чимкирүү, чемичке чагуу жана башка ушундай аракеттер) -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Эскертүү. Эгерде адамдын аракеттери гигиена эрежелерин сактоо жана бет аарчыны, салфетканы, башка каражатты же урнаны пайдалануу менен жасалса, ал жоопкерчиликке тартылбайт.

**82-берене.** Коомдук тартипти сактоо милдеттерин өтөп жүргөн ички иштер органдарынын кызматкеринин мыйзамдуу талабына баш ийбөө, - 2-категориядагы айып пул салууга алып келет (30 эсептик көрсөткүч – 3000 сом).

**82-берене.** Өзгөчө же согуштук абал мезгилинде киргизилген коменданттык сааттын убагында атайын берилген өткөрмөлөрсүз жана инсандыгын ырастаган документтерсиз көчөлөрдө жана башка коомдук жерлерде же болбосо турак жайдан тышкары жүрүү, - 2- категориядагы айып пул салууга алып келет (30 эсептик көрсөткүч – 3000 сом).

**82-берене.** Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуштук абал жарыяланган аймактарда укук тартибин бузууга багытталган аракеттер, же болбосо анык эмес маалыматтарды жайылтуу жолу менен жасалган коомдук тартипти жана жеке адамдардын тынчтыгын бузган аракеттер, - 3- категориядагы айып пул салууга алып келет (55 эсептик көрсөткүч – 5500 сом).

**83-берене.** Милиция, өрттөн сактоо, медициналык тез жардам

кызматтарын же башка адистештирилген кызматтарды билип туруп жалган чакыруу -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет (55 эсептик көрсөткүч – 5500 сом).

**122-берене.** Транспорт каражатын тиешелүү категориядагы айдоочулук ырастамасы же транспорт каражатын каттоочу документи жок айдоо -1-категориядагы айып пул салууга алып келет (10 эсептик көрсөткүч – 1000 сом).

**125-берене.** Жөө жүрүүчүнүн, велосипедчендин, көлүк унаа башкаруучунун, мал айдоочулардын жол кыймылынын эрежелерин бузуусу - 1-категориядагы айып пул салууга алып келет (10 эсептик көрсөткүч – 1000 сом).

**МААНИЛҮҮ!**

Бардык толук маалыматты Сиз Кыргыз Республикасынын
Бузуулар жөнүндө кодексинен таба аласыз www.minjust.gov.kg



**2. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинде көрсөтүлгөн жазалар.**

**Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине ылайык жоруктарды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик 16 жаштан башталат.**

Жорук субъектиси жасаган, инсанга, коомго же мамлекетке зыян келтирген же зыян келтирүү коркунучун жараткан, укукка каршы жосун (аракет же аракетсиздик) **жорук** деп таанылат..

**5-берене.** Адам өзүнүн күнөөсү аныкталган аракеттери (аракетсиздиги) жана аларды жасаганынын натыйжасында келип чыккан кесепеттер үчүн гана жазык жоопкерчилигине тартылууга жатат.

**Эч ким күнөөсү мыйзамдуу тартипте далилденмейинче жана соттун мыйзамдуу күчүнө кирген айыптоо өкүмү менен аныкталмайынча жорук жасаганы үчүн күнөөлүү деп**

**таанылышы жана жазага тартылышы мүмкүн эмес.**

**63-берене.** Жашы жетелектерге жазалардын төмөнкү түрлөрү дайындалат:

1) коомдук жумуштар;

2) эркиндикти чектөө;

3) түзөтүү жумуштары;

4) айыппул.

**45-берене.** Коомдук жумуштар жорукту жасоого күнөөлүү деп таанылган адамдын коомдун пайдасына акысыз жумуштарды аткаруусунда турат, мындай жумуштардын конкреттүү түрүн жазык-аткаруу мыйзамдарына ылайык пробация органдары менен бирдикте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныктайт.

Коомдук жумуштар өлчөмү боюнча эки категорияга бөлүнөт:

1) I категория: жашы жетелектер үчүн - 20 сааттан 30 саатка чейин, башка жеке жактар үчүн - 30 сааттан 40 саатка чейин;

2) II категория: жашы жетелектер үчүн - 30 сааттан 40 саатка чейин, башка жеке жактар үчүн - 40 сааттан 60 саатка чейин.

**48-берене. Түзөтүү жумуштары** соттолгондун иштеген жери боюнча өтөлөт, анын эмгек акысынын суммасынан сот белгилеген өлчөмдөгү, 10дон 20га чейинки пайыздын чегиндеги сумма мамлекеттин кирешесине чегерилет.

Түзөтүү жумуштары өлчөмү боюнча эки категорияга бөлүнөт:

1) I категория: жашы жетелектер үчүн - бир айдан үч айга чейин, башка жеке жактар үчүн - эки айдан төрт айга чейин;

2) II категория: жашы жетелектер үчүн - эки айдан төрт айга чейин, башка жеке жактар үчүн - төрт айдан алты айга чейин.

**49-берене. Айып пул -** ушул Кодексте белгиленген учурларда, өлчөмдө жана тартипте, акчалай түрдө сот тарабынан дайындалуучу жаза.

Айып пул жазанын негизги түрү катары өлчөмү боюнча эки категорияга бөлүнөт:

1) I категория: жашы жетелектер үчүн - 50дөн 150гө чейинки эсептик көрсөткүч өлчөмүндө, башка жеке жактар үчүн - 200дөн

300гө чейинки эсептик көрсөткүч өлчөмүндө;
2) II категория: жашы жетелектер үчүн - 150ден 250гө чейинки эсептик көрсөткүч өлчөмүндө, башка жеке жактар үчүн - 300дөн 600гө чейинки эсептик көрсөткүч өлчөмүндө.

**Айып пул жашы жетелектин өз алдынча эмгек акысы же өндүрүп алуу багыттала турган мүлкү болгондо дайындалат, ал эми алар болбогондо - анын ата-энесинен же башка мыйзамдуу өкүлдөрүнөн алардын алдын ала макулдугу менен өндүрүп алынышы мүмкүн. Мындай макулдук болбогондо сот жашы жетелекке айып пул дайындабайт.**

**МААНИЛҮҮ!**

Толук маалыматты Сиз Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинен таба аласыз. www.minjust.gov.kg



**Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине ылайыкт 16 жашка чыккан адам Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде белгиленген бардык кылмыштардын түрлөрү боюнча жазык жоопкерчилигине тартылууга жатат.**

**Кылмыш жасаганга чейин 14 жашка чыккан адам Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 3-беренесинде тизмектелген айрым так аныкталган кылмыштар үчүн жоопкерчиликке тартылууга жатат.**

**Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде көрсөтүлгөн жазалар**

**Наказания, предусмотренные Уголовным кодексом КР:**

- **Жашы жетелектер үчүн дайындалуучу жазанын түрлөрү болуп төмөнкүлөр саналат:**

- коомдук иштер;
- түзөтүү жумуштары;
- айып пул;
- белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу;
- белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу.

**Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине ылайык он төрт жаштан тартып төмөнкү кылмыштар үчүн жазык жоопкерчиликке тартылууга жатат:**

- киши өлтүрүү (130-берене);
- ден соолукка оор зыян келтирүү (138-берене);
- ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү (139-берене);
- зордуктоо (161-берене);
- сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери (162-берене);
- киши уурдоо (170-берене);
- кишилерди соода кылуу (171-берене);
- уурдоо (200-берене);
- тоноо (201-берене);
- каракчылык (202-берене);
- опузалап талап кылуу (203-берене);
- автомототранспорт каражатын айдай качуу (206-берене);
- бөтөн мүлктү жок кылуу же бузуу (210-берененин 2-бөлүгү);
- терроризм актысы (239-берене 2 жана 3-бөлүктөрү);
- барымтага алуу (244-берене);
- атуучу куралды уурдоо же опузалап талап кылуу (257-берене);
- бейбаштык (266-берене);
- баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатуу максатында мыйзамсыз даярдоо (267-берене);
- баңги каражаттарын же психотроптук заттарды уурдоо, же болбосо опузалап талап кылуу (271-берене);
- транспорт каражаттарын же катнашуу жолдорун жараксыз абалга келтирүү (299-берене).

- **Сот тарабынан төмөнкүдөй тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары дайындалышы мүмкүн:**

- эскертүү менен көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү;
- эскертүү менен жүрүм-турумун чектөө.

## Кармоодо өзүңдү кантип алып жүрүү керек

**Кармоодо:**

1. Милиция кызматкерлери менен талашпа жана мыйзамсыз талаптарга жооп бербе;

2. Милиция кызматкерлеринен сенин кармалгандыгың жөнүндө мыйзамдуу өкүлдөрүңө (ата-энеңе, камкорчуларыңа, көзөмөлчүлөрүңө) билдирүүнү өтүн;

3. Сага кармалган датаны, убакытты көрсөтүү менен протокол түзүшү жана сенин укуктарыңды түшүндүрүшү керек;

4. Сенин өзүңө жана жакын туугандарыңа каршы колдонула турган көрсөтмөлөрдү бербесең болот;

5. Тергөө менен чыр-чатакка барба;

6. Ар кандай окуяларды же фактыларды ойлоп табууга аракет кылба, өзүң ишенбеген нерселериңди билдирбе;

7. Соттун чечими чыкканга чейин сен 48 сааттан ашык мөөнөткө кармалышың мүмкүн эмес (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 4-бөлүгү);

8. Сен адамдын укуктарын жана эркиндиктерин бузган аракеттерге (чечимдерге) карата жогору турган мамлекеттик органга же прокуратурага кайрылууга укуктуусуң.

**МААНИЛҮҮ!**

Бардык толук маалыматты Сиз Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинен таба аласыз www.minjust.gov.kg



Өз укугуңду билүү менен гана чектелбестен, тигил же бул кылмышты жасоодон сактай турган мыйзамдарды дагы билүү керек. Жазасын өтөгөн адамдар андан ары кадыр-барктуу жумушка орношо же укук коргоо органдарында иштей алышпайт. Ошондуктан, кылмыш жасоодон мурун, бул кылмышты жасагандан кийин Сизди эмне күтүп тургандыгын жана анын кесепети кандай болоорун ойлонуп көрүңүз.



# 3 ГЛАВА

# БИЛИМ АЛУУ

*«Ар ким билим алууга укуктуу».*
*Кыргыз Республикасынын Конституциясы*
*45-берене 1-бөлүк*



## 3.1. ЖАРАНДАРДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖААТЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК КЕПИЛДИКТЕРИН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН НЕГИЗДЕРИ

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (45-берене)
- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси;
- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

**«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык билим алууга укук**

- Кыргыз Республикасынын жарандары жынысына, улутуна, тилине, социалдык жана мүлктүк абалына, ден-соолугунун чектелгендигине, кесибинин түрүнө жана мүнөзүнө, динине, саясий жана диний ишенимдерине, жашаган жерине жана башка жагдайларга карабастан билим алууга укуктуу.

- Мектептик билим берүү билим берүү тутумунун негизги звеносу катары саналат жана 3 баскычты камтыйт:

  - жалпы башталгыч - 1-4-класстарды;
  - жалпы негизги - 5-9-класстарды;
  - орто жалпы - 10-11-класстарды.

- Жетим балдарга жана ата-эне (мыйзамдуу өкүлдөрү) көзөмөлдүгүнөн камкордугунан өксүп калган балдарга билим берүү, алардын жашы жетилгенге чейин мамлекеттик камсыз кылуу негизинде жүзөгө ашырылат.

- Балдар үйүнүн жана жетим балдар жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдар үчүн жатак мектептердин тарбиялануучулары жалпы негизги билим (орто жалпы билим) алгандан кийин акысыз кесиптик башталгыч билим алуу укугуна ээ болушат.

- 9-классты ийгиликтүү аяктаган окуучуларга мамлекеттик үлгүдөгү документ - негизги жалпы билим жөнүндө күбөлүк,

ал эми 11-класстын бүтүрүүчүлөрүнө толук орто жалпы билим алгандыгы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ - орто жалпы билим алгандыгы жөнүндө аттестат берилет.

- Орто жалпы билим жөнүндө аттестаттын бар болушу жогорку окуу жайларына кабыл алуу үчүн зарыл шарт болуп саналат. Билим берүүнүн бюджеттик жана контракттык формаларындагы жогорку окуу жайлардын бардык багыттарына жана адистиктерине кабыл алуу Республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыгынын негизинде гана жүргүзүлөт.

- ЖРТ жылына бир жолу өткөрүлөт - май айы (ооруп калгандар, мелдештерде жүргөндөр жана башка бүтүрүүчүлөр үчүн кошумча тестирлөө - июнь).

- **Маданият жана искусство жогорку окуу жайларынын айрым адистиктерине жана айрым дене тарбия жана спорт адистиктерине тапшырууда ЖРТнын жыйынтыгы талап кылынбайт.**

ЖРТга даярдануу боюнча колдонмо кыргыз жана орус тилдеринде ЖРТга катталган ар бир абитуриентке акысыз берилет жана Билим берүү жана окутуу усулдарын баалоо борборунун (ББОУББ) сайтында “Республикалык тестирлөө” бөлүмүндө жеткиликтүү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окутулуучу адистиктердин тизмесин жана окууга кабыл алуу көлөмүн бекитет, ага ылайык бала кезинен майып, майып балдар, жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар, жеңилдиктер жана кепилдиктер боюнча согуштун майыбына, катышуучусуна теңелген адамдар, I, II топтогу майыптардын ичиндеги жарандарды кабыл алуу үчүн гранттардын саны 100 гранттык орунду түзөт.

## БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН ТИБИ

- **Кесиптик башталгыч билим берүүнү -** 9 же 11-класстар аяктагандан кийин кесиптик техникалык лицейлерден алууга болот. Мындай мекемелерде окуу мөөнөтү 9-класстан кийин 2 жылдан 4 жылга чейин, ал эми 11-класстан кийин 1 жылдан 2 жылга чейин болот.
- **Орто кесиптик билимди -** 9 же 11-класстарды аяктагандан кийин кесиптик колледждерде алууга болот. 9-класстан кийин мындай мекемелерде окуу мөөнөтү 2 жылдан 4 жылга чейин, ал эми 11-класстан кийин 1 жылдан 2 жылга чейин болот.
- **Жогорку кесиптик билимди -** 11-класстарды аяктагандан кийин институттардан, университеттерден, академиялардан алууга болот. Окуу мөөнөтү 4 (бакалавр) ден 6 жылга чейин (магистратура) чейин созулат.

## 3.2. ОКУУ ЖАЙГА ТАПШЫРУУ ҮЧҮН КЕРЕКТҮҮ ДОКУМЕНТТЕР

- ✓ Арыз;
- ✓ Паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- ✓ Билими тууралуу документ (аттестат);
- ✓ ЖРТнын жыйынтыгы тууралуу сертификат (эгерде сиз 10-11 класста окусаңыз);
- ✓ №086/У формадагы медициналык маалымкат;
- ✓ МСЭКтин майыптыгы жөнүндө маалымкаты, реабилитациялоонун жекече программасы;
- ✓ Сүрөттөр.

**МААНИЛҮҮ!**

Бардык толук маалыматты Сиз алдын ала тапшыра турган билим берүү мекемесинин кабыл алуу комиссиясынан ала аласыз.



## 3.3. ОКУУ ФОРМАЛАРЫ:

- Күндүзгү
- Күндүзгү-сырттан (кечки жана нөөмөттүк)
- Сырттан
- Экстернат

## 3.4. ОКУП ЖАТКАНДАРДЫ СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН КОРГОО

- Мамлекет Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте окуп жаткандарга окуу үчүн шарт түзөт, окуй турган жайлар, жабдуу, жатакана, жөлөкпул, материалдык жардам, тамак-ашка жана транспортто жүрүүгө жеңилдиктер, медициналык жактан тейлөө жана ден соолукту чыңдоо, окуу китептери менен (республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен студенттерге, окуп жаткандарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жана өлчөмдөрдө стипендиялар төлөнөт) камсыз кылат.

- Кесиптик башталгыч, кесиптик орто, кесиптик жогорку билим берүү жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдарында окуп жаткан студенттерди социалдык жактан колдоо үчүн социалдык билим берүү кредиттери берилиши мүмкүн.

**МААНИЛҮҮ!**

Жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдардын билим алуусу жашы жеткенге чейин мамлекеттин камсыздоосунун негизинде жүзөгө ашырылат.





# 4 ГЛАВА

# ДЕН СООЛУК. МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЙЛӨӨ

*«Ар ким ден соолугун коргоого укуктуу.».*
*Кыргыз Республикасынын Конституциясы .47-бер*
*1-бөлүк*



## 4.1. САЛАМАТТЫК САКТОО ЖААТЫНДА СОЦИАЛДЫК КЕПИЛДИКТЕРДИ КАМСЫЗ КЫЛУУНУН НЕГИЗДЕРИ:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (47-берене)
- Балдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодекси
- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси
- "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №790 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктердин программасына ылайык.**

**Ата-энелеринин камкордугусуз калган балдар үйүнүн, үй-интернаттардын 23 жашка чейинки бүтүрүүчүлөрү медициналык жардамды бекер жана жеңилдетилген шарттарда алууга укуктуу.**

## 4.2. ПОЛИКЛИНИКАГА БАРУУДА КЕРЕКТҮҮ ДОКУМЕНТТЕР

- ✓ Паспорт;
- ✓ Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси;
- ✓ Оорунун тарыхы (эгерде бар болсо).

## 4.3. ВРАЧТЫН КЕҢЕШИ

Врачка кайрылаардан мурун, бул үчүн керектүү бардык документтерди өзүңүз менен кошо ала келиңиз. Алардын эң негизгиси паспорт жана ИЖН. Ударсыз сиз адисдин кабыл алуусуна жазыла албайсыз. Башка район же шаарда каттоодо турсаңыз дагы, жашаган жериңиздеги поликлиникага жана ооруканага кайрылууга укугуңуз бар экендигин унутпаңыз.

Ооруканага алгач барганда, мүмкүн болсо, сиздин оорунуздун тарыхын чагылдырган документтерди алып алыңыз. Булар башка мекемелерден алынган медициналык карталардын көчүрмөлөрү, акы төлөнүүчү клиникалардын адистеринин пикири, рентген

сүрөттөрү, ошондой эле ултра үндүү диагностика (УЗИ) учурунда алынган корутундулар болушу мүмкүн. Мунун бардыгы врачтын ишин бир топ жеңилдетип, так диагноз коюуга, ошондой эле туура дарылоону дайындоого жардам берет.

Поликлиникага алдын ала жазылыңыз. Муну телефон аркылуу же болбосо онлайн www.med.kg, ошондой эле каттоо бөлүмүнө жеке кайрылуу аркылуу жасаса болот. Белгиленген жеңилдиктерди алууга укук берген документтерди кабыл алууга өзүңүз менен кошо ала келиңиз. Эгерде сизге тезинен жардам керек болуп, ал эми сиз документтериңизди үйгө таштап койсоңуз же алар жок болсо, анда ооруканынын кабыл алуу бөлүмүнө кайрылсаңыз болот. Тез жардамга муктаж болгон учурларда, доктур сизди документсиз көрүүгө милдеттүү болот.

**МААНИЛҮҮ!**

Окуп жаткан учурда сиз убактылуу же туруктуу бекитилген медициналык мекемеден жылына эки жолу медициналык кароодон өтүп турууга аракет кылыңыз.



**Врачка жазылууга байланыштуу бардык толук маалыматты жашаган жериңизде же окуган жериңизде өзүңүз бекитилген медициналык мекеменин каттоо бөлүмүнө чалып билсеңиз болот!**

## 4.4. ВРАЧКА ЖАЗЫЛУУ ҮЧҮН БИЛҮҮГӨ КЕРЕКТҮҮ ТЕРМИНДЕР

- **Терапевт** – ички органдарды хирургиялык эмес ыкмалар менен дарылоо менен алектенет;
- **Педиатр -** балдардын ооруларын дарылоо менен алектенет;
- **Невропатолог** – нерв системасынын, таяныч-кыймыл аппаратынын ооруларын дарылайт;
- **Окулист (офтальмолог)** – көз ооруларын дарылайт, көз айнек

дайындайт;

- **Лор (отоларинголог)** – кулак, тамак, мурун ооруларын дарылайт;
- **Стоматолог** – тиштердин жана ооз көңдөйүнүн ооруларын дарылайт;
- **Дантист** – тиштерди коёт;
- **Хирург** – производит хирургические операции на теле человека;
- **Логопед** – сүйлөө кемчиликтерин оңдойт;
- **Уролог -** бөйрөк жана заара чыгаруу жолдорунун ооруларын дарылайт;
- **Травматолог** – сыныктарды, кетүү, тарамыштарды дарылоо менен алектенет;
- **Гинеколог** – аялдардын жыныс органдарынын ооруларын дарылайт;
- **Андролог** – эркектердин жыныс органдарынын ооруларын дарылайт;
- **Проктолог** – көтөн чучук ооруларын дарылайт;
- **Венеролог –** жыныстык жол менен жугуучу ооруларды дарылайт;
- **Дерматолог** – тери ооруларын дарылайт;
- **Гастроэнтеролог** – ашказан, уйку бези жана он эки эли ичегинин ооруларын дарылайт.

**МААНИЛҮҮ!**

Окуп жаткан учурда сиз убактылуу же туруктуу бекитилген медициналык мекемеден жылына эки жолу медициналык кароодон өтүп турууга аракет кылыңыз.



## 4.5. ҮЙ АПТЕЧКАСЫ ҮЧҮН МЕДИКАМЕНТТЕРДИН ТИЗМЕСИ



- **Стерилдүү бинт - 2 даана;**
- **Вата - 1 таңгак;**
- **Перекись водород - 1 бөтөлкө (ачык жаракаттар үчүн);**
- **Йод** – 1 бөтөлкө (жараларды дарылоо үчүн);
- **Бриллиант зеленкасынын эритмеси (зеленка) -** 1 бөтөлкө (жараларды жана жараларды кетирүү үчүн);
- **Нашатыр спиртинин эритмеси** – 1 флакон (эси оогондо жана артериалдык басым төмөн болгондо);
- **Лейкопластырь** – 1 таңгак (таңууну бекитүү);
- **Бактерицид лейкопластыры -** 2 даана (чорду же кичинекей жараларды желимдөө);
- **Марганцовка** – 1 таңгак (стоматит (кызгылт) болгондо оозду чайкоо үчүн, жараны жуу үчүн, жараларды дарылоо үчүн, ууланганда ашказанды жуу үчүн (кызгылт);
- **Валидол** – 1 таңгак (жүрөк ооруганда);
- **Валерьяна тамчысы, пустырниктин тундурмасы** – 1 бөтөлкөдөн (жүрөк жана тынчтандыруучу каражаттар);
- **Анальгин** – 1 даана (баш ооруда);
- **Активдешитирилген көмүр** – 1-3 таңгактар (ич көпкөндө, ууланганда);
- **Цитрамон** – 1 таңгак (баш ооруганда, артериалдык кан басым төмөндөгөндө);
- **Парацетамол, аспирин** – 1 таңгак (суук тийгенде температураны төмөндөтүү үчүн);
- **Фестал или мезим-форте** - 1 таңгак (ашказан ооруганда);
- **Фталазол или левомицитин** – 1 таңгак (диареяда (ич өткөндө);
- **Жөтөлдүн таблеткасы** -1 таңгак (жөтөлгөндө);
- **Оксолин мазы** – 1 кутуча (тумоо болгондо мурундун былжыр челин майлоо);
- **Но-шпа же дротаверин** - 1 таңгак (ашказан, боор ооруганда,

этек кир келгенде);

- **Мурун тамчысы (ар кандайы)** – 1 таңгак.

**Дары сатып алууда, сөзсүз түрдө анын сакталуу мөөнөтүн караңыз. Оор белгилер болгондо врачка кайрылыңыз.**

**МААНИЛҮҮ!**

Врачтын көрсөтмөсү боюнча акысыз берилүүчү дары-дармектердин тизмеси бар̆. Толугураак маалыматты Сиз катталган жериниңиздеги поликлиникадан алсаңыз болот.



*Для заметок*



# 5 ГЛАВА

# ИШ

*“Ар ким эркин эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, кесибин жана иштин түрүн тандоого укуктуу.”*



## 5.1. ЖАРАНДАРДЫ ИШКЕ ОРНОШТУРУУ ЖААТЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК КЕПИЛДИКТЕРДИ КАМСЫЗ КЫЛУУНУН НЕГИЗДЕРИ БОЛУП ТӨМӨНКҮЛӨР КЫЗМАТ КЫЛАТ:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Гражданский кодекс Кыргызской Республики;
- Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси;
- «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- «Эмгекти коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы
- Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-апрели № 208 токтому менен бекитилген Жумушсуз жарандарды кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги № 175 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөдө жумушка орноштуруу боюнча иштин тартиби жөнүндө жобо.

**Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине ылайык:**

Ар бир бала эмгек эркиндигине, эмгекке орношууга, жаш курагына, ден соолугунун абалына, жалпы билиминин жана кесиптик даярдыгынын деңгээлине жараша иштин түрүн жана кесибин эркин тандап алуу укугуна ээ.

Балдар 14 жаш курагынан тартып ата-энелеринин биринин жана аларды алмаштыруучу адамдардын же райондук/шаардык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен эмгек келишимин түзүүгө жана окуудан бош убакта коомдук пайдалуу эмгекке катышууга укуктуу.

Менчиктин бардык формасындагы ишканалар, мекемелер

жана уюмдар калкты иш менен камсыз кылуу кызматтарынын жолдомолору боюнча квоталанган жумуш орундарына социалдык коргоого өзгөчө муктаж болгон балдарды (балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүн, жетимдерди жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды жана башкаларды) кабыл алууга милдеттүү. Ушул беренеде көрсөтүлгөн адамдарды белгиленген квотанын эсебинен ишке кабыл алуудан баш тартууга тыюу салынат жана алар тарабынан тиешелүү мамлекеттик органдарга же сотко даттанылышы мүмкүн.

Баланын ден соолугуна коркунуч туудурган же анын билим алуусуна тоскоол болуучу же болбосо анын ден соолугуна, дене-тарбиялык, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүшүнө зыян келтирген кандай болбосун жумуштарга баланы кабыл алууга же аткаруу үчүн тартууга тыюу салынат.

Балдардын эмгегин анын эң начар көрүнүштөрүнүн формаларында эксплуатациялоого, ошондой эле менчигинин формасына карабастан, ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда, анын ичинде кооперативдерде, дыйканчылык жана фермердик чарбаларда кандай болбосун формадагы балдардын мажбурлаган эмгегине тыюу салынат.

Эмгек шарты зыяндуу же опурталдуу иштерде, жер астындагы иштерде, түнкү убактарда, ошондой эле аткаруу балдардын ден соолугуна жана адептик өсүшүнө зыян келтирүүсү мүмкүн болгон иштерде (оюн-зоок бизнесинде, көңүл ачуучу мекемелердеги түнкү жумуштарда, спирт ичимдиктерин, тамеки буюмдарын, баңгизаттарды жана уулуу дары-дармектерди ж.у.с. өндүрүүдө, ташып жеткирүүдө жана сатууда) балдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде жумушка алуу үчүн минималдык жаш 16 жаш деп аныкталган.

Өзгөчө учурларда уюмдун кызматкерлеринин өкүлчүлүктүү органдын болбосо эмгек чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу

мамлекеттик органынын макулдугу боюнча **15 жашка толгон адам ишке кабыл алынышы мүмкүн**.

**МААНИЛҮҮ!**

Жашы жетелек кызматкерлер үчүн жумуш убактысынын төмөнкүдөй кыскартылган узактыгы белгиленет:

14төн 16га чейинки жаштагы кызматкерлерге - жумасына 24 сааттан ашпаган;

16дан 18 жашка чейинкилерге - жумасына 36 сааттан ашык эмес.



## 5.2. ИШ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА КЫЗМАТКЕРДИН ОРТОСУНДАГЫ ЭМГЕК КЕЛИШИМИ:

Жумушка орношууда иш берүүчү жана кызматкердин ортосунда милдеттүү түрдө эмгек келишими түзүлөт.

**Эмгек келишими милдеттүү түрдө төмөнкүдөй маалыматтарды камтууга тийиш:**

1) эмгек келишимин түзүү датасы жана орду;

2) тараптардын реквизиттери:

- иш берүүчүнүн-юридикалык жактын толук аталышы, анын жайгашкан орду, уюмдаштыруу документтерин мамлекеттик каттоонун номери жана датасы;

- иш берүүчүнүн (анын өкүлүнүн) фамилиясы, аты-жөнү, атасынын аты (эгерде ким экендигин ырастоочу документинде көрсөтүлсө) жана иштеген кызматы, ал эми иш берүүчү жеке жак болсо, анын туруктуу жашаган жеринин дареги, аталышы, номери, ким экендигин ырастоочу документти берген датасы;

- кызматкердин фамилиясы, аты-жөнү (эгерде ким экендигин ырастоочу документинде көрсөтүлсө), социалдык коргоо күбөлүгүнүн идентификациялык номери;

3) иш аткарыла турган жумуш орду;

4) уюмдун штаттык ырааттамасына же айкын эмгектик

иш-милдеттерге ылайык квалификациясын көрсөтүү менен кызматынын, адистигинин, кесибинин аталышы;

5) иштин башталыш датасы;

6) эмгек келишиминин колдонулуш мөөнөтү;

7) иш режими;

8) кызматкердин жана иш берүүчүнүн укуктары жана милдеттери;

9) эмгек акы төлөө шарттары (анын ичинде тарифтик ставканын же кызматкердин кызматтык айлык акысынын өлчөмү, кошумча төлөөлөр, үстөктөр жана сыйлык төлөмдөрү, иштин оор, коркунучтуу жана зыяндуу шарты үчүн компенсацияларды төлөөлөр);

10) эмгек шарттарынын туура мүнөздөмөлөрү, оор, зыяндуу же коркунучтуу шарттардагы иш үчүн кызматкерге берилүүчү компенсациялар жана жеңилдиктер;

11) тараптардын койгон колдору.

**Биринчи жолу ишке орношуп жаткан адамдарга иш берүүчү тарабынан эмгек китепчеси толтурулат.**

- Тараптардын макулдашуусу менен эмгек келишимин түзүүдө кызматкерге тапшырылган ишке ылайык аны текшерип көрүү максатында сыноо мезгили шартталышы мүмкүн. Сыноо жөнүндө шарт эмгек келишиминде каралышы керек. Эмгек келишиминде сыноо жөнүндө шарттын жоктугу кызматкер сынаксыз кабыл алынат дегенди билдирет.

- Эгерде кызматкер эмгек келишимин тариздебестен иш жүзүндө ишке киришсе, сыноо жөнүндө шарттар эмгек келишимине киргизилиши мүмкүн, эгерде тараптар аны иш башталганча чейин гана өзүнчө түрдөгү келишим менен тариздешсе.

- Сыноо жүргүзүүнүн канааттандырарлык эмес натыйжасында иш берүүчү сыноо мезгилинин мөөнөтү бүткөнгө чейин кызматкерге кеминде үч күндөн кечиктирбестен иш берүүчү

кызматкерди сыноодон өткөн жок деп табуу үчүн негиз болгон себептерди көрсөтүү менен жазуу жүзүндө эскертүү менен эмгек келишимин бузууга укуктуу. Иш берүүчүнүн чечимине кызматкер сотко даттанууга укуктуу.

- Эгерде сыноо мөөнөтү бүткөнгө чейин иш берүүчү эмгек келишимин бузуу жөнүндө чечим кабыл албаса, анда кызматкер сыноого туруштук берди деп табылат жана эмгек келишимин кийинки бузууга жалпы негиздерде гана жол берилет.

- Эгерде ишке кирип жаткан адамдын эмгек китепчеси жок болсо, же болбосо аны жоготсо, бузса же башка себептер боюнча ушул адамдын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча (эмгек китепчесинин жоктугунун себебин көрсөтүү менен) жаңы эмгек китепчесин тариздөөгө милдеттүү.

## 5.3. МАМЛЕКЕТТИК ИШКЕ ОРНОШТУРУУ КЫЗМАТЫ:

Эгерде сен жумушка орношууда кыйынчылыктарды баштан кечирип жатсаң, анда мамлекеттик жумушка орноштуруу кызматына кайрыл, анда сен эмгек мыйзамдары боюнча, эмгек рыногундагы жумушчу күчүнүн абалы жана сунуштары жөнүндө акысыз багыт, ишке орноштурууу кызматынын органдарынын тартиби жана эрежелери жөнүндө акысыз кеңеш ала аласың.

**«Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык**

- Калкты иш менен камсыз кылуучу мамлекеттик кызмат (мындан ары - иш менен камсыз кылуучу кызмат), он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балдар аларга кайрылышканда, ушул адамдар менен кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүшөт жана ден-соолугунун абалын эске алуу менен алардын кесипке жарактуулугуна диагностика беришет.
- Жумушсуз паспортун жана билими жөнүндө документин көрсөтүү менен жеке кайрылганда, кесипке (адистикке) ээ эмес биринчи жолу жумуш издеген жарандарды каттоо жашаган жери же болбосо турган жери боюнча калкты иш менен камсыз кылуучу

мамлекеттик кызматтын аймактык бөлүмдөрү тарабынан жүзөгө ашырылат.

- Калкты иш менен камсыз кылуучу мамлекеттик кызмат жумушсуз же жумуш издөөчү катары кайрылган жарандарды каттоо жашаган жери же болбосо турган жери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү тарабынан, жумушсуз төмөнкүлөрдү көрсөтүү менен жеке кайрылганда жүзөгө ашырылат:

✓ паспортун;
✓ эмгек китепчесин же анын дубликатын;
✓ анын кесиптик квалификациясын ырастоочу документтерин.

Биринчи жолу жумуш издеген жарандарды каттоо он-лайн режимде ушул шилтеме боюнча жүргүзүлөт:www.zanyatost.kg.

Порталдан төмөнкү маалыматтарды алууга болот:

- бош орундар жөнүндө;
- акы төлөнүүчү коомдук жумуштар жөнүндө;
- кесиптик окутуу жөнүндө;
- кайра окутуу жөнүндө;
- квалификацияны жогорулатуу жөнүндө;
- жумушсуздук боюнча жөлөкпул жөнүндө.

**Жумушсуз жарандарды жана жумуш издеген жарандарды кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу**

◆ **Жумушсуздарды жана жумуш издеген жарандарды кесиптик окутуу төмөнкүдөй максаттарда жүзөгө ашырылат:**

- ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу;
- жумушсуздардын жана жумуш издеген жарандардын зарыл кесиптик квалификация алуусу;
- жумушсуздун жана жумуш издеген жарандардын кесиптик көндүмдөрүнө жооп берүүчү жумуш жоктугуна байланыштуу квалификациясын өзгөртүү

◆ Жумушсуздарды жана жумуш издеген жарандарды кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана алардын

квалификациясын жогорулатуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жолдомосу боюнча жүзөгө ашырылышы мүмкүн, эгерде:

- жаран кесипке (адистикке) ээ болбосо;
- жарандын кесиптик көндүмдөрүнө жооп берүүчү жумуштун жоктугуна байланыштуу кесипти (адистикти, иштин түрүн) өзгөртүү зарыл болсо;
- жаран мурдагы кесиби (адистиги) боюнча ишти аткаруу кудуретин жоготсо.

◆ Артыкчылыктуу тартипте кесиптик даярдоодон, кайра даярдоодон өтүүгө жана квалификациясын жогорулатууга төмөнкүлөр укуктуу:

- расмий жумушсуздар;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар;
- жашы жете элек балдары бар аялдар;
- аскердик кызматтан бошотулган жарандар;
- пробация клиенттери;
- **жалпы билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрү**, ошондой эле биринчи жолу жумуш издеп жаткан (мурда иштебеген), кесиби (адистиги) жок жарандар.

**Жумушсуз жарандарды кесиптик окутуу үчүн окуу базасы:**

- шаардын жогорку окуу жайлары;
- орто атайын окуу жайлары, колледждер;
- кесиптик училищалар, лицейлер.

**Кесиптик окутуу мезгилинде сиз төмөнкүлөргө милдеттүүсүз:**

- сабактарга катышууга;
- окутуу программасын ийгиликтүү жана толук өздөштүрүүгө;
- тандап алган адистикти эске алуу менен, жумушту жигердүү издөөгө.

**Окууну бүткөндөн кийин, төмөнкүлөрдү унутпоо зарыл:**

- жумушка орношуу жөнүндө кесиптик билим берүү бөлүмүнө

маалымдоону;
- иш стажыңызды үзгүлтүккө учуратпаган убакыт жөнүндө маалымкатты.

**Төмөнкүлөрдү эске алыңыз:**

- окутуунун бардык түрлөрү (окутуу, кайра даярдоо, квалификацияны жогорулатуу (тастыктоо) жумушка орноштуруу бөлүмү тарабынан каржыланат (б.а. алар сиз үчүн акысыз);
- окууну аяктагандан кийин, мамлекеттик үлгүдөгү документтер берилет;
- жумушсуз жарандарды окутуу билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензиясы бар билим берүү мекемелеринде жүргүзүлөт;
- коммерциялык курстар жөнүндө кошумча маалыматты калкты жумуш менен камсыз кылуу кызматынын маалымат бөлмөсүнөн алууга болот;
- сабактар башталган күндөн тартып, жаран жумушка орношкон деп эсептелет жана окуу процесси аяктаганга чейин жумушсуз катары каттоодон чыгарылат;
- стипендияларды төлөө окууну аяктаганга чейин айына 1 жолу, сабактарга жетишүү жана үзгүлтүксүз катышкан шартта төлөнөт;
- стипендияны төлөө кесиптик билим берүүнүн толук курсу аяктаган күндөн тартып, экзамендерди, зачетторду, бүтүрүү иштерин эске алуу менен же жарандар окуудан чыгарылган күндөн тартып токтотулат.

**Билим берүү мекемесин аяктагандан кийин, жумуш менен камсыз кылуу кызматына каттоого дароо барбаңыз, адегенде досторуңуз, интернет портал жана социалдык тармактар аркылуу өзүңүз жумуш издеп көрүңүз.**

**Эмгек гана сизге жана сиздин жакындарыңызга татыктуу жашоо тартуулай ала тургандыгын түшүнүшүңүз керек.**

**Жумушсуз адам катары катталуу үчүн төмөнкү документтер талап кылынат:**

- ✓ паспорт;
- ✓ эмгек китепчеси же анын дубликаты;
- ✓ кесиптик квалификацияны тастыктаган документ;
- ✓ жеке камсыздандыруу эсебинен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чегерилгендигин тастыктаган көчүрмөлөр.
- ✓ Эгерде сиз мурда иштебеген болсоңуз, жана биринчи жолу жумуш издеп жаткан болсоңуз же кесибиңиз (адистигиңиз) жок болсо, паспорт жана билимиңиз жөнүндө документти көрсөтүшүңүз керек

**МААНИЛҮҮ!**

Калкты жумуш менен камсыз кылуу кызматы жумушсуздук боюнча жөлөк пул төлөйт. Жумушсуздук боюнча жөлөкпулдун базалык өлчөмү Өкмөт тарабынан белгиленет

Толугураак маалыматты Сиз  http://zanyatost.kg сайтынан таба аласыз..



## 5.4 ӨЗДҮК БЮДЖЕТТИ ПЛАНДАШТЫРУУ:

Бюджет – Сиз ай сайын (же жумасына) канча акча жана эмнеге сарптай турганыңыздын планы. Ушул эле. Абдан жөнөкөй, туурабы? Бардык айла ушул план сизге иштешинде жатат. Сиз бюджетиңиз финансылык ресурстарды бөлүштүрүүнү натыйжалуу уюштура турган так курал экендигине ынанасыз. Эң башкысы, аны туура түзүү жана анын аткарылышын көзөмөлдөө.

**Сиздин бюджетиңизди түзүү үчүн үч кадам!**

**1 кадам.** Сиздин чыгымдарыңыздын бардык категорияларын камтыган тизме түзүңүз. Аларда төмөнкүдөй бардык туруктуу чыгымдар камтылышы керек:

- тамак-аш, тамак-аш;
- турак жай-коммуналдык чарба;
- транспорт чыгымдары;
- окуу, байланыш үчүн акы төлөө.

**Албетте, сиз акчаны башка муктаждыктарга да жумшайсыз, андыктан бюджетиңизге кошумча пункттарды кошуңуз:**

- ден-соолук (дары-дармек, процедура, дарылоо)
- кийим
- башка чыгымдар.

**МААНИЛҮҮ!**



Бюджет сиздин жашооңузду толугу менен чагылдырышы керектигин унутпаңыз, ал эми бул үчүн сиз акчаңызды эмнеге коротуп жатканыңызды билишиңиз керек. Эгерде Сиз бардык мүмкүн болгон чыгымдарды камтый алабасаңыз, ага камтама болбоңуз, анткени аны түшүнүү жана ишти жөндөп кетүү үчүн убакыт болот.

**Эгер сиз акчаңызды гана сактап койбостон, бир аз акча тапкыңыз келсе, анда каалаган банктан депозиттик эсеп ачыңыз, ошондо сиздин каражат коопсуз жана бекем болуп гана тим болбостон, каржылык пайда алып келет.**

**2-кадам.** Кийинки кадам чыдамдуулукту жана тактыкты талап кылат: кийинки айда бардык чыгымдарды кылдаттык менен көзөмөлдөп, ар бир категория боюнча чыгымдарды жалпы эсептеп чыгууга туура келет. Коркпоңуз, бюджетти түзүү сиз ойлогондой кыйын эмес!

Болгону айдын аягында же башында бир жарым саат убакыт коротуп, кирешеңизди жана учурдагы чыгымдарды кылдаттык менен жазыңыз. Мындан ары, ар бир күндүн аягында бюджетке маалыматтарды кошууга сарпталган дүмүрчөктөрдү жана сарпталган каражаттарды эсепке алып баштаңыз.

**3-кадам.** Бюджеттик таблицаны түзүңүз, анын графаларына ар кандай булактардан жана чыгымдардын түрлөрү боюнча бардык кирешелериңизди категориялар жана күндөр боюнча киргизесиз. Күтүлүп жаткан бир айлык чыгымдардын тизмесин жазыңыз. Андан кийин Андан кийин, бир ай бою бюджеттик таблицанын

тиешелүү тилкесине чыгымдарды байкап, күн сайын киргизип туруңуз. Айдын аягында баарын иш жүзүндө жыйынтыктап, киреше менен чыгашаны салыштырып көрүңүз.

| КАТЕГОРИЯ | КИРЕШЕ | КИРЕШЕ | КИРЕШЕ |
|---|---|---|---|
| Маяна | 15 000 | | 15 000 |
| Жол кире | | 1000 | 14 000 |
| Коммунальдык төлөөлөр | | 4000 | 10 000 |
| Азык-түлүктөр | | 5000 | 5000 |
| **Жыйынтыгында 5000 сом калат** | | | |

**МААНИЛҮҮ!**

Ушул айда бюджетиңизден ашыкча чыгым кылсаңыз дагы, кабатыр болбоңуз: башкы этапта бул ченемдүү көрүнүш. Сиздин кынтыксыздыгыңыз эмес, каржыңыз көзөмөлдө экендиги маанилүү, сиз аларды башкара аласыз. Ушундан улам бюджеттик контроль күчтүү күч болуп саналат.



**Коммуналдык кызматтарды өз убагында төлөөгө аракет кылыңыз, ошону менен сиз карызыңызды гана төлөп койбостон, үй-бүлөлүк бюджетиңизди да үнөмдөп каласыз, анткени мөөнөтү өтүп кеткен ар бир ай үчүн айып пул салынат!**

## 5.5. ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ИШКЕ ОРНОШУУ.

Эгерде сен чет өлкөдө жумушка орношууну кааласаң Кыргыз Репсбликасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын алдындагы Маалыматтык-консультациялык борборуна кайрыл, ал жерде сен акысыз консультация, чет өлкөдө жумушка орношууга көмөктү, Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөлөрдө ишке орношуу укугуна уруксат берүүгө жардам ала аласың.

**«Тышкы эмгек миграциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары чет өлкөлөрдө эмгекттик иш-аракет жүргүзө алышат.**

- Маалыматтык-консультациялык борбор Кыргыз Республикасынын жарандарын анын чегинен тышта ишке орноштурууну уюштурат.
- Борбордун байланыш контактары: Бишкек ш., Токтогул көч, 237 (Жаш Гвардия бульвары менен кесилишет), тел. 0312 641714.

Кыргыз Республикасынын жарандарын ишке орноштуруу үчүн кабыл алган негизги чет мамлекеттер:

- Россия Федерациясы
- Турция Республикасы
- Бириккен Араб Эмираттары
- Германия Федеративдик Республикасы
- Казахстан Республикасы
- Чехия Республикасы
- Словакия Республикасы
- Корея Республикасы

**WWW.OEC.kg веб-сайтында чет мамлекеттердеги бош орундар бар.**

Эгерде сен www.OEC.kg веб-сайтынан каалаган бош орунду таба албасаң, анда сен ишке орноштуруу боюнча лицензиясы бар жеке агенттиктерге кайрылсаң болот. Ишке орноштуруу боюнча жеке агенттиктерге кайрылганда сен агенттиктердин жетекчилеринен же кызматкерлеринен юстиция органдарында каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктү талап кылууга укугуң бар.

**www.ssm.gov.kg сайтында ишке орноштуруучу лицензияланган жеке агенттиктердин тизмеси жайгаштырылган.**

**МААНИЛҮҮ!**

Кыргыз Республикасынын акы төлөнүүчү иш алуу үчүн анын чегинен тышкары кетип бараткан жарандарынын чет өлкөлүк иш берүүчү менен түзүлгөн эмгек келишими (контракт) жана иш берүүчү мамлекеттин визасы болууга тийиш.



## КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИ

- Документтер тартипте болушу керек (паспорттун жарактуулугу, жумушчу визасы ж.б.)
- Үй-бүлөңүз жана туугандарыңыз сиз кайда, кантип, ким менен жана эмне үчүн бара жатканыңызды билиши керек.
- 3. Келген мамлекеттеги Кыргыз Республикасынын Элчилигинин (консулдугунун) телефон номерин, дарегин жана электрондук почтасын жазыңыз. Даректери жана телефон номерлери www.mfa.gov.kg сайтында жайгаштырылган
- Чет мамлекетке келгенден кийин, Кыргыз Республикасынын Элчилигине (консулдукка) консулдук каттоодон өтүү үчүн каттоодон өтүшүңүз керек.
- Паспортуңуздун көчүрмөсүн жана акыркы сүрөтүңүздү үй-бүлөңүзгө/досторуңузга калтырыңыз.
- Түпнускасы жоголуп же жоголуп кетсе, паспортуңуздун көчүрмөсүн жасаңыз. Бардык керектүү документтерди сканерлеп жана электрондук почтаңызга сактап коюңуз.
- Сүйүктүүңүз менен «код» сөзү же сүйлөмү боюнча макул болуңуз, бул сиздин кыйынчылыкка туш болгонун билдирет.
- Мыйзамсыз документтер менен өтпө. Мисалы: жасалма паспорт, мыйзамсыз виза.
- Саякатка бара турган өлкөнүн тилинде бир нече негизги сөздөрдү жана сөз айкаштарын билип алыңыз

**МААНИЛҮҮ!**

**Өзүңүздү коопсуздаңыз! «Мигранттардын маалымдамасы» www.ssm.gov.kg. сайтынан жүктөп алыңыз.**



**Сен эмгек миграциясына кетүүнү чечкенге чейин тынымсыз байланыш линиясына 1899 же 800,000 189 телефону боюнча чал.**

*Для заметок*



# ТУРАК ЖАЙ

**6**
**ГЛАВА**

*«Ар ким турак жайлуу болууга укуктуу.*
*Эч ким турак-жайынан өзүм билемдик менен ажыратылбоого тийиш.»*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясы*
*2-глава 46-берене*



## 6.1. ЖАРАНДАРДЫН ТУРАК-ЖАЙ УКУКТАРЫ ЖААТЫНДА СОЦИАЛДЫК КЕПИЛДИКТЕРДИ КАМСЫЗ КЫЛУУУН НЕГИЗДЕРИ

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын Турак жай кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси;
- «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы»;
- «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-январындагы № 6 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин бекитүү жөнүндө» токтому.

**Жатак мекемелердин бүтүрүүчүлөрүнүн арасынан жетим балдардын жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдардын укуктары. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине ылайык:**

- Балдар бардык учурларда алардын ата-энелерине тиешелүү турак-жай аянтына укугун сакташат.

- Жашоо үчүн турак-жайы жок жетим балдар 16 жашка чыкканда, мыйзамда белгиленген тартипте, пайдалануу укугунда турак жай аянтын кезексиз алуу укугунан пайдаланышат.

- Ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар, анын ичинде жетим-балдар башка турак-жай берүүсүз алар ээлеп турган турак-жайдан чыгарылышы мүмкүн эмес.

- Жетим-балдар алар 21 жашка толгонго чейин, окуу жайдын күндүзгү бөлүмүнөн билим алып жаткан учурларда - окуусун аяктаганга чейин убактылуу социалдык турак-жай (жатакана) менен камсыз болуусу тийиш.

**Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексине ылайык**

Турак жай жетим балдарга, ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарга, жетим балдардын жана ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдардын ичинен адамдарга, алардын билим берүүчү жана башка мекемелерде, анын ичинде социалдык жактан тейлөө мекемелеринде, багуучу үй-бүлөлөрдө, үй-бүлө тибиндеги балдар үйлөрүндө болуусу аяктаганы боюнча, камкорчулук (көзөмөлчүлүк) токтотулганда кезексиз берилет.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (айыл өкмөттөрү жана шаардык мэриялар) төмөнкүдөй кызматтарды көрсөтүшөт:**

- турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандарды эсепке алуу;
- жарандарга муниципалдык менчикте турган турак жайды менчикке берүү;
- жарандарга муниципалдык менчикте турган турак жайды мөөнөттүү пайдаланууга берүү;
- жарандарды жеке турак жай курулушуна жер участогун бөлүп берүүгө муктаж катары кезекке коюу.

## 6.2 ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНДА ЖАРАНДАРДЫ КАТТООНУН ТАРТИБИ

Балдар жатак мекемесин аяктаганга чейин, балдар мекемесинин жетекчиси (директору) турак-жайга муктаж болгон жетим балдардын жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдардын

тизмесин түзөт жана аларды тарбиялануучунун акыркы жашаган жери боюнча райондук/шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгына жиберет.

Жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн жетим балдар үйү үчүн жатак мектептин потенциалдуу бүтүрүүчүсүнүн акыркы жашаган жери боюнча райондук/шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына (айыл өкмөттөрүнө/шаардык мэрияларга) төмөнкүдөй сунуштама жөнөтөт:

- муниципалдык менчикте турган турак жайды менчикке берүү жөнүндө эсепке алуу тууралуу;
- муниципалдык менчикте турган турак жайды мөөнөттүү пайдаланууга берүү жөнүндө;
- жеке турак жай курулушуна жер участогун бөлүп берүү жөнүндө.

**МААНИЛҮҮ!**

Эгерде сен 23 жаштан кийин турак жай алуу кезегине тура албай калсаң, анда турак жай укуктарынды коргоо боюнча сотко доо арыз менен кайрылууга укуктуусуң жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин гана турак жай алуу кезегин калыбына келтире аласың.



**Эгерде сен 23 жаштан кийин турак жай алуу кезегине тура албай калсаң, анда турак жай укуктарынды коргоо боюнча сотко доо арыз менен кайрылууга укуктуусуң жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин гана турак жай алуу кезегин калыбына келтире аласың.**

# ҮЙ БҮЛӨ

**7**
**ГЛАВА**

*“Үй бүлө - бул адамдын жашоосунун эң маанилүү негизи”*



## 7.1. ЖАРАНДАРДЫН ҮЙ БҮЛӨЛҮК УКУК ЖААТЫНДА УКУКТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН НЕГИЗДЕРИ

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- Кыргыз Республикасынын Үйбүлө кодекси
- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси
- Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси
- Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси

## 7.2. ҮЙ БҮЛӨЛҮК УКУК

### Никеге туруунун шарттары жана тартиби

Нике курагы он сегиз жаш деп белгиленет. Жүйөлүү себептер болгондо никеге турууну каалаган адамдардын жашаган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары бул адамдардын өтүнүчү боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрдүн комиссиялык корутундусунун негизинде эркектер жана аялдар үчүн нике курагын бир жылдан ашырбастан төмөндөтүүгө укуктуу.

### Жубайлардын жеке укуктары менен милдеттери

- Жубайлардын ар бири иштин, кесиптин түрүн, бара турган жана жашай турган жерин эркин тандай алат.
- Энелик, аталык, балдарга билим, тарбия берүү жана үйбүлөнүн башка маселелери жубайлардын теңдигинин принцибине таянып, жубайлар тарабынан чогуу чечилет.
- Жубайлар үйбүлөдөгү мамилелерин өзара сыйлашуу менен жардамдашуунун негизинде түзүүгө, үйбүлөнүн бейпилдигине жана чыңдалышына көмөктөшүү, өздөрүнүн балдарынын бакыбаттыгына жана өсүп жетилишине кам көрүү негизинде курууга милдеттүү.

**Жашы жетпеген ата-энелердин укуктары.**

- Жашы жетпеген ата-эне баласы менен чогуу жашоого жана аны тарбиялоого катышууга укуктуу.
- Никеде турбаган жашы жетпеген ата-эненин ортосунда бала төрөлгөн учурда, алардын энелиги жана(же) аталыгы аныкталганда, он алтыга толгондо ата-энелик укуктарын өз алдынча жүзөгө ашырганга укуктуу. Жашы жетпеген ата-эне он алтыга толгонго чейин балага камкорчу дайындаса болот, ал аны жашы жетпеген ата-эне менен бирге тарбиялоону жүзөгө ашырат. Жашы жетпеген ата-эне менен баланын камкорчусунун ортосундагы пикир келишпөөчүлүктөр балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөр тарабынан чечилет.
- Жашы жетпеген ата-эне өздөрүнүн аталыгын жана энелигин жалпы негиздерде тааныганга жана талашканга укугу бар, ошондой эле алар он алты жашка чыкканда өз балдарына карата аталыгын аныктоону сот тартибинде талап кылууга укуктуу.

**Балдарга карата ата-эненин (аларды алмаштырган адамдардын) укуктары жана милдеттери**

- Балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо алардын ата-энелерине жүктөлөт.
- Ата-эне (аларды алмаштырган адамдар) өз балдарынын мыйзамдуу өкүлдөрү болуп саналышат жана кандай болбосун жеке жана юридикалык жактар, анын ичинде соттор менен болгон мамилелеринде атайын ыйгарым укуксуз эле алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоп чыгышат.
- Эгерде ата-эне менен балдардын кызыкчылыгынын ортосунда карама-каршылык бар болсо, ата-эне (аларды алмаштырган адамдар) өз балдарынын кызыкчылыгынын атынан чыгууга укуксуз.

**Ата-эненин алименттик милдеттенмелери**

- Ата-эне өздөрүнүн жашы жетпеген балдарын багууга милдеттүү. Жашы жетпеген балдарды багуунун тартиби менен түрү ата-эне тарабынан өз алдынча аныкталат.

- Эгерде ата-энеси өздөрүнүн жашы жетпеген балдарын багууга каражат бербеген учурда, аларды багуу үчүн каражат (алимент) ата-энелеринен сот тартибинде өндүрүп алынат.
- Алиментти төлөө жөнүндө макулдашуу болбосо, академиялык отпускада болгон мезгилди кошпогондо, алар окууну аяктаганга чейин сот уюштуруу-укуктук формасына карабастан, бардык типтеги жана түрдөгү билим берүү уюмдарында күндүзгү формада акы төлөөнүн негизинде окуп жаткан он сегизден жыйырма бир жашка чейинки курактагы жардамга муктаж болгон өз балдарын багууга ата-энелерди милдеттендирүүгө укуктуу.

**Жашы жетпеген балдарга сот тартибинде өндүрүп алынуучу алименттердин өлчөмү.**

- Алимент төлөө жөнүндө макулдашуу болбогондо, жашы жетпеген балдарга алименттер сот тарабынан алардын ата-энесинен ай сайын төмөндөгүдөй өлчөмдө өндүрүп алынат: бир балага - ата-энесинин иштеп тапкан жана (же) иш жүзүндөгү кирешесинин төрттөн бири, эки балага - үчтөн бири, үч же андан көп балага - жарымы.
- Бул үлүштөрдүн өлчөмү сот аркылуу тараптардын материалдык же үй бүлөлүк абалын жана көңүлгө алынуучу дагы башка жагдайларын эске алуу менен азайтылышы же көбөйтүлүшү мүмкүн.

**Никени токтотуу үчүн негиздер.**

- Жубайлардын бири каза табуунун айынан, же сот тарабынан өлгөндүгүн жарыялоодон улам нике токтотулат.
- Нике жубайлардын биринин же экөөсүнүн арызы боюнча никени бузуу жолу менен, ошондой эле сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган жубайлардын көзөмөлчүсүнүн арызы боюнча токтотулушу мүмкүн.

**МААНИЛҮҮ!**



Жубайлардын бири никени бузууга макул болбосо, никени бузуу жөнүндө иш каралган учурда, сот жубайларды жараштыруунун чараларын көрүүгө, жубайлардын жарашуусу үчүн үч айдын аралыгындагы мөөнөт дайындап, ишти кароону кийинкиге калтырууга укуктуу. Толугураак маалыматты Кыргыз Республикасынын Үйбүлө кодексинен биле аласыз www.minjust.gov.kg

## 7.3. ЖАРАНДАРДЫН БАЛАНЫН ТӨРӨЛҮШҮНӨ ЖАНА ТАРБИЯЛАНЫШЫНА БАЙЛАНЫШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨЛӨКПУЛ АЛУУГА УКУГУ

- **Мамлекеттик жөлөкпул** - пенсиялык камсыз кылууга укугу жок балдарга жана адамдарга жөлөкпулдар жана бир жолку төлөөлөр түрүндө көрсөтүлүүчү мамлекеттик социалдык колдоо.
- **Бала төрөлгөндө «балага сүйүнчү» бир жолку төлөм** Жогоруда көрсөтүлгөн төлөмдү жашаган жери боюнча Калкты тейлөө борборлору (КТБ) жана Жарандык абалдын актыларын каттоо органдары (ЖАКО) жүргүзөт. “Балага сүйүнчүнүн” өлчөмү ар бир балага 4000 сомду түзөт. Бир мезгилде үч же андан көп бала төрөлгөн учурда,“балага сүйүнчү” ар бир балага 50,0 миң сом өлчөмүндө төлөнөт
- «Балага сүйүнчү» үчүн арыз бала төрөлгөн күндөн баштап алты ай ичинде тапшырылышы керек.
- **16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) “үй-бүлөгө көмөк” ар айлык жөлөкпул**

**МААНИЛҮҮ!**



Социалдык төлөмдөр боюнча толук маалыматты Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин www.mlsp.kg сайтынан таба аласыз.



# 8 ГЛАВА

# КЕРЕКТӨӨ КОРЗИНАСЫ

*«Туура тамактануу, жакшы тамак-аш жана муну түшүнө билүү - бул сиздин жашооңуздун пайдубалынын маанилүү элементтеринин бири.»*



## 8.1. КЕРЕКТӨӨ КОРЗИНАСЫ

**МААНИЛҮҮ!**

Тамак-аш азыктарын сатып алууда сөзсүз түрдө алардын жарактуулук мөөнөтүн караңыз; эгерде Сиз сапатсыз тамак-аш азыктарын сатып алган болсоңуз, анда 2 жуманын ичинде товарды алмаштырууга же болбосо акчаны кайра алууга укугуңуз бар. Эң башкысы, сатып алгандыгы жөнүндө квитанцияны сактаңыз.



## 8.2. РЕЦЕПТТЕР

*«Даамдуу тамак бышырууну гана эмес, тажрыйба жүргүзүүнү, тамак бышыруу жаатында жаңы нерсе ойлоп табууну үйрөнүңүз, ошондо сиздин жашооңуз жарык, кызыктуу жана көңүлдүү болот. Мекенди, досторуңду жана туугандарыңды сүйүүгө жакшы дем күч берет*



**Буудай акшагынан жасалган ботко**

Бир стакан кайнак сүткө (суугa) эки аш кашык буудай акшагын куюп, тынымсыз аралаштырып, жай отто коюу болгонго чейин 10 мүнөт бышырыңыз. Андан кийин бир аш кашык шекер жана бир чымчым туз салыңыз.



**Күрүч (таруу) боткосу**


Бир стакан күрүчтү же таруну тазалап жана жууп, эки стакан кайнак суугa куюп, 8-10 мүнөт бышырыңыз. Андан кийин эки стакан сүттү кошуп, анда-санда аралаштырып, жай отто 15 мүнөт кайнатыңыз, андан кийин 2-3 аш кашык шекер жана бир чымчым туз кошуңуз.



**Винегрет**

2 кызылча, 2 сабиз, 4-5 картошканы кайнатып, тазалап, тилкелерге бөлүңүз. Ошондой эле 1 пиязды жана 2 маринаддалган бадыранды тилкелерге бөлүңүз. Консерваланган жашыл буурчактын бир

кутусун кошуңуз. Алынган массаны аралаштырыңыз. 4-5 аш кашык өсүмдүк майын же 100 грамм майонезди куюңуз.



**Куурулган жумуртка**

Көмөч казанга бир аш кашык каймак майды ысытып, ага эки жумуртканы жарып салабыз. Жумуртканын белогу ак сүттөй түскө ээ болгондо, жумурткалар даяр болот.



**Тоок шорпосу**

Үч литр сууга тооктун жарымын салыңыз, тазаланган пияздын башын кошуңуз. 40 мүнөттөн кийин пиязды, тоокту алып, сөөктөрдөн бөлүп алыңыз. Кайнатмага бир аш кашык туз, тазаланган жана төрт бурчтуу болуп кесилген 2 картошка менен тоок этин салыңыз. 10-15 мүнөттөн кийин шорпого бир ууч вермишель салыңыз. 5 мүнөттөн кийин шорпо даяр болот.



**Жаңы капустадан жасалган щи**

Бир банка тушенкага үч литр суу куюп, отко коюп кайнатыңыз. Алдын ала куурулган сабизди (1 даана), пиязды (1 даана), жарым килограмм төрт бучтуу тууралган жаңы капустаны казанга салып, андан кийин 15 мүнөт өткөндөн кийин тазаланган жана кесилген 4 даана картошканы салып, 15-20 мүнөт кайнатуу керек. Кайнатуу бүтөөрүнө 5 мүнөт калганда щиге беш тоголок кара калемпир, лавр жалбырагын, 2 аш кашык туз кошуп, майда тууралган чөптөр менен себелеп коюу керек.



**Куурулган картошка**

Чийки тазаланган картошкаларды тилимдерге же тилкелерге бөлүп тууруңыз. Тууралган картошкаларды андан кийин алдын ала көмөч казанда ысытылган өсүмдүк майына салыңыз. Көмөч казандын капкагын жаппастан 10-15 мүнөт кызарганча чейин кууруп, андан кийин туз салып, капкагын жабыңыз.



**Демделген эт**

Этти (500 грамм) жууп, төрт бучтуу кылып туурап, туз, калемпир сээп, май куюлган көмөч казанда кууруу керек. Кууруп бүткөндөн кийин майдалап тууралган пиязды (2 баш) кошуп, этке ун себелеп (1 аш кашык), баарын чогуу бир аз кууруйбуз. Даяр болгон этти көмөч казанга салып, 2-3 стакан суу куюп, томат пастасы, 1-2 лавр жалбырагын кошуп, 1-1,5 саатка капкагын жаап демдейбиз.



**Жемиш салаты**

1 бананды, 1 апельсинди, 1 мандаринди, 1 алмурутту, 1 алманы, 1 кивини кабыгынан тазалап, кичинекей кесинди бөлүкчө кылып туурагыла. Эки аш кашык шекер кошуп, үстүнө жуурат же балмуздакты куйгула.

## МААНИЛҮҮ!

**1.** Эт шорпосу даамдуу болсун десең, этти суусу муздак болгон идишке салуу керек. Мында эттин бардык ширеси чыгып, шорпо даамдуу болот.

**2.** Эгерде эт экинчи тамакка берилсе, анда суу кайнаганда казанга салынат. Шорпосу өтө жакшы болбойт, бирок эти ширелүү жана даамдуу болот. Ошол эле нерсе балыктан жасалган тамакка карата да колдонулат

**3.** Кандай гана тамак болбосун аны алгач катуу отто, андан кийин кичинекей отто акырындык менен кууруу же кайнаттуу керек.

**4.** Эгерде котлеттерди же этти кууруп жатсаңыз, анда сөзсүз түрдө көмөч казанды жана андагы майды ысытып, андан кийин гана котлеттерди, этти же картошканы көмөч казанга салыңыз. Ошондо бышырылган тамак даамдуу болот.



# 9 ГЛАВА

# АББРЕВИАТУРАЛАРДЫН СӨЗДҮГҮ



**Паспорт** – ээсинин инсандыгын жана жарандыгын тастыктаган мамлекеттик документ. Эгерде Сиз күтүлбөгөн жерден паспортуңузду жоготуп алган болсоңуз, анда жоголгону жана дубликатты берүү жөнүндө арыз менен Калкты тейлөө борборлоруна жардам сурап кайрылыңыз.

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси (ММК Полиси)** - милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасында ишке ашырылуучу мамлекеттик программалар боюнча медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу укугун жана камсыздануу статусун берген документ.

**Билими жөнүндө диплом** – кесиптик башталгыч, орто кесиптик же жогорку окуу жайын аяктагандыгын жана тиешелүү квалификация ыйгарылгандыгын тастыктаган расмий документ.

**Идентификациялык жеке номер** - ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга бир жолу ыйгарылган жана жарандарды жекече (индивидуалдык) эсепке алуу чөйрөсүндөгү, ошондой эле күбөлөрдүн, жабырлануучулардын жана жазык сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларынын укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдарда каралган учурларды кошпогондо, ал адамдарга өмүр бою өзгөртүлбөстөн сакталып калган жеке номер.

**Эмгек китепчеси** – жарандын жумушка орношкону жөнүндө расмий жеке документи. Бул документ жумушка орношуу үчүн жумуш берүүчү тарабынан түзүлөт. Эмгек китепчесин канцелярдык дүкөндөн сатып алса болот.

**Маалыкат 086у** - бул жогорку окуу жайга, кесиптик техникалык училищага же техникумга кирүүдө абитуриенттерге талап кылынган кесиптик жөндөмдүүлүк жөнүндө маалымкат, ошондой эле ал айрым компанияларга жана мамлекеттик ишканаларга жумушка орношууда керек болушу мүмкүн. Ушул маалымкатты Сиз катталган поликлиникаңыздан алсаңыз болот.

**Диспансеризация** – калктын ар кандай ооруларын аныктоо жана алдын алуу максатында жүргүзүлгөн саламаттык сактоо тутумундагы комплекстүү иш-чаралар. Диспансеризация адамдын белгилүү бир курактык мезгилинде жүргүзүлүүчү профилактикалык медициналык кароодон өтүүнү, врачтардын консультацияларын жана медициналык изилдөөлөрдү билдирет.

**Алимент** - бул мыйзам боюнча жубайлардын бири экинчисине төлөөгө милдеттендирген баланы багуунун каражаты. Алар ыктыярдуу же сот тартибинде мажбурлап төлөнүшү же которулушу мүмкүн.

**Эсептешүү көрсөткүчү** - социалдык төлөмдөрдүн, компенсациялардын, экономикалык санкциялардын жана администрациялык жазалар менен жазапулдардын, эмгек акысын төлөө менен байланышпаган башка экономикалык көрсөткүчтөрдүн төмөндөгүдөй өлчөмдөрүн аныктоочу ченемдик акчалай көрсөткүч (1 эсептешүү көрсөткүчү = 100 сом)

**Насаатчылык** - тажрыйбалуу же билими күчтүү адам тажрыйбасы аз же билими аз адамга белгилүү бир компетенттүүлүккө ээ болууга жардам берүүчү мамиле. Насаатчы деп билимин жана тажрыйбасын өткөрүп берген адамды аташат.

*Для заметок*



# ТИРКЕМЕ

10

ГЛАВА



## 10.1 МЫЙЗАМДАР БОЛУГУ

*«Мекенди коргоо - Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыйык парзы жана милдети»*
*Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 56-бер, 1-бөлүк*

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-главасынын 56-беренеси;
- 2009-жылдын9-февралындагы№43«КыргызРеспубликасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

*«Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей».*

*Кыргыз Республикаасынын Конституциянын16-беренесинин 3-бөлүгү*

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси.

*«Ар ким билим алууга укуктуу».*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясы 45-берене 1-бөлүк*

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (45-берене)
- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси;
- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

*«Ар ким ден соолугун коргоого укуктуу.».*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясы .47-бер 1-бөлүк*

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (47-берене)
- Балдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодекси
- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси
- “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

*“Ар ким эркин эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, иштин түрүн жана кесибин тандоого укуктуу.”*

- ❖ Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- ❖ Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- ❖ Гражданский кодекс Кыргызской Республики;
- ❖ Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси;
- ❖ «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- ❖ «Эмгекти коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы
- ❖ Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси;

*«Ар ким турак жайлуу болууга укуктуу. Эч ким турак-жайынан өзүм билемдик менен ажыратылбоого тийиш.»*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2-глава 46-берене*

- ❖ Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- ❖ Кыргыз Республикасынын Турак жай кодекси;
- ❖ Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси;
- ❖ Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси;
- ❖ «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы»;
- ❖ «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын  Мыйзамы;
- ❖ «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

*“Үй бүлө - бул адамдын жашоосунун эң маанилүү негизи”*

- ❖ Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- ❖ Кыргыз Республикасынын Үйбүлө кодекси
- ❖ Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси
- ❖ Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси
- ❖ Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси

## 10.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУКТУК ВКТЫЛАРЫНЫН БАШКА ЧЕНЕМДЕРИ

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 21-декабрындагы № 556 токтому бекитилген Жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн мамлекеттик интернаттык жалпы билим берүү мекемелери жөнүндө типтүү жобого ылайык;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабрындагы № 770 «Кыргыз Республикасынын жарандарын чакырууга даярдоо жана өткөрүү боюнча Жобону бекитүү жөнүндө» токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №790 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктердин программасына ылайык;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-апрели № 208 токтому менен бекитилген Жумушсуз жарандарды кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги № 175 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөдө жумушка орноштуруу боюнча иштин тартиби жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-январындагы № 6 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин бекитүү жөнүндө» токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы № 391 «Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому.

Для заметок



# 11 ГЛАВА

# ТЕЛЕФОНДУК КИТЕПЧЕ



**Өрт өчүрүү кызматы – 101**

**Милиция – 102**

**Тез жардам – 103**

**Газ кызматы – 104**

**Куткаруу кызматы – 112**

**Балдар үчүн ишеним телефону – 111**

**КР Омбудсменинин тынымсыз байланыш телефону – 115**

**КР Билим берүү жана илим министрлиги - 0(312) 620 519, бирдиктүү тынымсыз байланыш телефону – 1222**

**Министерство труда и социального развития КР - 0(312) 663 400**

**КР Саламаттык сактоо министрлиги – 0(312) 660 717**

**КР Ички иштер министрлиги – 0(312) 662 450**

**Центр оказания юридической помощи при Министерстве Юстиции - 0(702) 431 130**

**ОБФ «Оэйсис» ишеним телефону – 0 (772) 554 504**

**Бишкек шаарынын мэриясынын Социалдык өнүгүү башкармалыгындагы социалдык жатакана** - *Бишкек ш., Табалдиев көч., 1* – **0(555) 707 500**

**«Мозаика» интеграциялык борбору** - *Молодежная 8, с.Новопавловка* - **0(700) 597 423; 0(555) 926 894**

**SOS айылындагы Жаштар борбору** – *Бишкек ш., Фрунзе көч., 597* – **0(312) 340 200; 0(700) 028 121**

**«Балалык институту» коомдук фонду** - *Бишкек ш., Осмонкул көч., 350* – **0(312) 880 903**

**Холуд Алсеми балдар үйүнүн бүтүрүүчүлөрүн колдоо борбору** – *Токмок ш., Осмонов көч., 39* – **0(552) 086 448**

**Балдарды коргоо борбору** – *Бишкек ш., Астраханская көч., 31* – **0(312) 450 634**

**«Биздин үн» коомдук фонду** - *АЮ GRAND, Чолпон-Атинская/Горького көч. – 4 этаж* - **0(770) 545 753**